Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
20-21. sayı 2015

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
20-21-саны 2015

# ДИН ЖАНА УЛУТТУК БААЛУЛУКТАР

Самаган Мырзаибраимов
саяс. и.к., доцент
Ош МУ Теология факультети
s.myrzaibraimov@gmail.com

**Özet**

Kırgızistandaki dini durumla ilgili formel sorunların çözümünde yapısal sorunların belirlenmesi önemlidir. Yapısal sorunlar olarak yaşamımızdaki değerlerin belirlenmesinde dinin rolü, Dini değerlerin belirlenmesindeki kriter farkları, dini değerlerin nassa dayanarak belirleme usulündeki farklılık ve sistemli çalışma sorunları öne çıkmaktadır. Makale bu sorunlar üzerine hazırlanmıştır.

**Anahtar Kelimeler:** Dini Değerler, Milli Değerler, Dini Nasslar.

**Аннотация**

Кыргызстандагы диний кырдаалга байланыштуу формалдуу проблемаларды чечүүгө фундаменталдуу маселелер белгилениши маанилүү. Фундаменталдуу проблемалар жашообуздагы критерийлердин түрдүүлүктөрү диний баалуулуктардын насска ( куран жана сүннөткө) негизинде белгилөө ыкмасындагы айырмачылыкты жана системалуу иштөө маселелерин жаратууда. Макала ушул маселелердин негизинде даярдалды.

**Ачкыч сөздөр:** Диний баалулуктар, улуттук баалулуктар, диний тексттер

**Abstract**

In Kyrgyzstan, for solutions of formal problems related to the religious situation, important to determine the fundamental solution. The fundamental problems of different critiries in our life, religious value which based on nass (Qur’an and Sunnah) and creating of systematic problems.

**Key Words:** religious values, National values, Religious texts.

Учурубуздагы диний абал көптөн бери келе жаткан динге, личностко, коомго жана мамлекетке болгон туура эмес мамиленин жыйынтыгы катары чырмалышкан мүнөзгө ээ. Бул өзгөчөлүк мамлекетибиздеги диний абалды ар кандай максатта чечмелөө жана (диндин, жалпы мусулмандардын жана мамлекеттин эмес) башка башка жактардын кызыкчылыгына жараша түзүүгө жол ачууда. Кандайдыр бир сунуш айтуудан мурда проблемаларды туура аныктоо керек. Анткени проблемаларды аныктоодо (ыкмада) проблемалар бар. Кандайдыр бир окуяга жооп катары моменталдык мамиле жасоо ал окуяны убактылуу чечиши мүмкүн. Бирок окуянын алдын алуу үчүн фундаменталдуу талдоо жана мамиле жасоо керек. Жогоруда айтылып кеткендей учурубуздагы проблемалар баарынан мурда ушуга чейинки проблемалардын жыйынтыгы

болуп эсептелет. Диний абалга баа берүүдө биз проблеманы кайсыл өңүттөн карап жатканыбыз маанилүү. Учурубузда диний маселелер экстремизм, коопсуздук өңүтүнөн каралууда. Бул кандайдыр бир деңгээлде чыңалууну азайтуу менен бирге маселени фундаменталдуу түрдө чече албайт. Дин өзүнүн баалуулуктары, дүйнө таанымы жана адамбаласына сунуштаган системалуу жашоо моделинин негизинде манилүүлүккө ээ болгондуктан, динге байланыштуу ар бир маселе диндин өздүк булактарына таянуу менен учурубуздагы жашоо шарттарына ылайыкташкан моделди сунуштоо (методологиялык) мүмкүнчүлүгүнө жараша анализделиши керек. Биз бул макалабызда баарынан мурда мамлекетибиздеги диний маселелерди чечүүнүн моменталдык эмес фундаменталдык көйгөйлөрүн аныктоону туура таптык. Пендечиликке таянган экономикалык кызыкчылык, трайбализм, жердешчилик сыяктуу субъективдүү себептерге токтолбойбуз. Мындай себептер бир гана дин чөйрөсүндө эмес башка тармактарда да жайылгандыктан бул маселени өзүнчө кароо керек.

Мамлекетибизде биз күбө болуп жаткан формалдык проблемалардын түпкүрүндө үч фундаменталдык проблема бар.

1. Жашообуздагы баалуулуктарды аныктоодо диндин орду.
2. Диндик баалуулуктарды аныктоодо критерийлердеги айырмачылык.
3. Диний баалуулуктарды диндин негизги булактарына таянуу менен аныктоодогу методикалык айырмачылыктар.
4. Системалуу иштөө маданиятынын жоктугу

**1. Жашообуздагы баалуулуктарды аныктоодо диндин орду.**

Жашообуздун кайсыл жеринде канчалык деңгээлде диндик баалуулуктарга таянабыз? Бул маселеде коомчулук арасында диндик баалуулуктардын адам баласынын жашоосунун бардык тармагында ар дайым жетектөөчү орду бар экендигин кабыл алгандарга караганда адамбаласынын жашоосунун белгилүү бир бөлүгүндө жана белгилүү бир катмарында гана орду бар экендигине ынангандардын жана байкап байкабай ушул көз караштын жайылуусуна себеп болгондордун саны салыштырмалуу көп экендиги шексиз. Светтик мамлекетте мамлекет менен диндин бирибинен оолак туруусу идеясы да ушул көз караштын формалдык чагылуусу. Башка тармактарга караганда саясатты жана укукту динден оолак тутуу аракеттери өзгөчө көзгө илинет. Бул көз карашты негизинен материалисттик

көз караштан арыла албаган, акыркы мезгилде түрү азайып бара жаткан жогорку муундагылар жана динди маданияттын бир бөлүгү катары көргөн дүйнө таанымга сугарылгандар туу тутунуп келет. Ошол эле мезгилде байкап же байкабастан учурубуздагы дин адамдары жана (айрыкча) классикалык метод аркылуу диний сабатсыздыгын жойгонго аракет кылгандар да жогорудагы көз карашка камчы урууда. Айрыкча адамзатына тиешелүү маселелерди "бул дүйнөгө тиешелүү" (дуняви) / "аркы дүйнөгө тиешелүү" (ухрави), пайдалуу/пайдасыз (маселе же болбосо илим) сыяктуу категориялык айырмачылыктар менен балоо жана ошого жараша мамиле кылуу да диндин адамбаласынын кээ бир учурларында гана керектүү фактор катары (чектелип) калуусуна шарт түзүүдө. Бул кеңири масштабта жана түбөлүгүндө диндин өздүк өзгөчөлүгүнө ылайыктуу илимий мамиле болуп эсептелбейт. Анткени Ислам дининин өзгөчөлүгү анын адам баласынын жашоосунун бардык учурунда өзүнүн жол көрсөтүүчүлүк, укук жана мүмкүнчүлүк берүүчүлүк жана ошонун жыйынтыгында жоопкерчиликке тартуучулугунда жатат.[1] Теңирге ишенип, ага моюн сунуп, анын динин (баалуулуктарын) тутунган адам ар бир (маалымат алуу, чечим чыгаруу жана ишке ашыруу сыяктуу) кыймылында саясатта, башкалар (Теңир, инсандар, коом, мамлекет дегеле кандайдыр бир нерсе) менен болгон мамилесинде парадигмалык (кыймыл аракеттеги төп келүүчүлүк) бүтүндүккө ээ болушу керек. Жогорудагы материалисттерден, редукционисттерден жана фрагменталисттерден айырмаланып, акыркы-үчүнчү көз караш адамбаласынын бардык кыймыл аракеттеринин Теңирдин (диндин) мухитинден оолак боло албастыгына басым жасайт. Албетте коомдук илимдерде кайсыл бир теманы изилдөөдө мүмкүн болушунча иликтеп-жиликтеп акыйкатка жетүү аракети болуусу абзел, бирок акыр түбүндө үчүнчү көз караштын негизиндеги бирдиктүү корутундуга жетүү методикалык керектүүлүк болуп эсептелет. Канчалык биз саясат менен динди мыйзамдуу түрдө бөлүп карасак да адамбаласы личност катары саясий укуктук позициясын аныктоодо кайсыл бир баалуулуктарга таянуусу керек. Ошол баалуулуктар муслуман үчүн диндик баалуулуктар болуп эсептелет. Эгер өзүн мусулман деп эсептеп бирок саясий-укуктук позициясын аныктоодо диндик

[1] Kasım Turhan. Bir Ahlak Problemi Olarak Kelam ve Felsefe Açsısından İnsan ve Fiilleri. - İstanbul, 1996. 48.

баалуулуктарга таянбаса ал адамдын личносттук түптөлүүсүндө проблема бар экендигин көргөзөт. Демек бул маселеде биз адамдын личносттук түптөлүүсүндөгү диндин маанилүү ордун эске алуу менен мамлекетибздидин дин саясатын түзүүбүз кеүрек. Анда адамдын жашоосунун эч бир учурунун Теңирдин көзөмөлүндөн жана (демек) динден оолак боло албастыгын эске алуу менен Кыргыз республикасынын ар бир жаранынын дин маданиятын жогорулатуу керек.[1] Дин маданиятына ээ болгон жана диний маалыматы бар адам гана динди жеткиликтүү критикалап же жактап сүйлөй алат. Биздин (Исламдын негиздерине таянган) бул көз карашыбыз укуктук системаны өзгөртүү аркылуу (гана)эмес, адамдын көз карашын өзгөртүүнү (жумшак өзгөртүү) максат кылууда.

Бул күрөштө үчүнчү көз караш коомчулук тарабынан фундаменталдык идея катары түптөлмөйүн мамлекетбиздеги диний абалдын жөнгө салынышы ар дайым курч бойдон кала бериши мүмкүн.

**2.Диндик баалуулуктарды аныктоодо критерийлердеги айырмачылык.**

Ислам дүйнөтаанымында баалуулуктар негизинен диндик жана диндик эмес деп бөлүнбөйт. Анткени жогоруда айтылгандай бардык баалуулуктар негизинен диндик баалуулуктар болуп эсептелет. Анткени канчалык адамбаласы кээ бир баалуулуктарды акыл эси менен аныктагандыгын ойлосо да Теңир тарабынан берилген акыл эс аркылуу Теңир тарабынан түзүлгөн системанын чегинде гана ой жүгүртүүдө.[2] Баалуулуктарды аныктоонун Исламдык усулу болсо болгону ошол баалуулуктарды туура аңдап туура жашоого туура багыт берүүчү өзгөчөлүккө гана ээ болуп эсептелет. Бул усулду билбей туруп адам баласы (Исламдык ишеним боюнча) туура эмес нерселерди баалуулук катары көрүп алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ислам динине туура келген баалуулуктар кантип аныктайбыз деген маселеде да еки көз караштын ортосунда кайчы пикирлер бар. Коомчулуктун басымдуу бөлүгү дин жөнүндө жетишээрлик маалыматы жок туруп логикалык бүтүмдөр аркылуу аныктаган баалуулуктарды диндик баалуулук катары көрсөтүп коомчулукка тануулоо аракетин көрүүгө болот. баалуулуктардын логикалык аныктоосуна, адамдын советтик мезгилде алган тарбиясы, же

[1] Ahmed Hamdi Ahseki. Islam Dini, Nur Yayinlari. - Ankara 1993. 5.
[2] Ebu Mansur Abdulkaahir el-Bağdâdî. Mezhepler Arasındaki Farklar. Önsçz ve Notlarla Çeviren: Ethem Ruhi Fığlalı. – Ankara 1991. 65.

болбосо азыркы учурдагы батыш маданиятынын таасири, базар экономикасынын таасири, кыргыз элинин байыртадан бери колдонуп келген (туура жана туура эмес) колдонуштары жана ошондой эле учурдагы ооздукталбаган оопасыз публицисстик маданияттын таасирин эске салсак болот. Мындайча айтканда Диндик баалуулуктарды диндин өзүнө үңүлүп эмес баштатан туура көргөн нерсени динге таңуулоо аракети катары карасак болот. Көпчүлүк учурда лопгикалык аныктоо менен диндин диндик аныктоосу бирибри менен төп келип калышы мүмкүн. Бирок бул жерде негизги маселе диндик баалуулуктарды диндин өзүнө үңүлүп кароо аркылуу аныктоону методикалык зарылчылык катары калыптандырышыбыз керек.[1] Ошондо диндик баалуулуктарды дин билимдерин өздөштүргөн дин таануучулар гана аныктап коомчулуктун тандоосуна сунуу мөмкүнчүлүгү жаралат. Демек бул жерде да диндик баалуулуктарды диндин өздүк өзөгүнөн алуу менен гана аныктоого боло тургандыгын фундаменталдык идея катары калыптандырышыбыз керек.

### 3. Диний баалуулуктарды диндин негизги булактарына таянуу менен аныктоодогу методикталык айырмачылыктар.

Исламда өкүм чыгаруунун негизинен эки усулу колдонулат. Биринчиси тексттик метод же болбосо мутакаллим методу деп аталган Куран, Хадис башта болгон негизги булактардагы чечмелөө аркылуу өкүм чыгаруу.[2] Бул методду негизинен Имам Шафии биринчи болуп жазуу түрүндөгү эмгегинде калтырып кеткен. Ханафи мазхабы да Шафиинин катары менен Куран, Хадис, ижма, кыяс, маслахат (истыслаах) сыяктуу өкүм чыгаруу методун колдону менен бирге ушулардан кийинки булак катары (сахих) үрп адатка да көңүл бурган. Арап болбогон улуттардын негизинен Ханафи мазхабын кармануусунун себептеринен бири да бул мазхабтын ар бир улуттун (элдин) аймактык, мезгилге жана ошондой эле менталитетине жараша (көнүмүш) үрп адаттарын колдонуусуна салыштырмалуу эркиндик берүүсү болуп эсептелет. Баалуулуктарды белгилөөнүн тескттик методундан айырмаланып бирок аны толуктоо иретинде колдонулган экинчи усул бул фукаха методу деп аталган, (Исламдык негизги принциптерден

---

[1] A. Saim Kılavuz. Anahatlarıyla İslam Akaidi ve Kelam'a Giriş. – İstanbul 2007. 24.

[2] Zekiyuddin Şaban. İslam Hukuk İlminin Esasları. Çev. İbrahim Kafi Dönmez. TDV Yayınları. – Ankara 2000. 34.

чыкпоо менен бирге) аң сезимди колдонуу аркылуу Курандагы аяттардын жана хадистердин гармониялуу бүтүндүгүнүн негизинде келип чыккан (хикма) баалуулуктарга таянуу менен өкүм чыгаруу же болбосо баалуулуктардын системасын түзүү методу. Бул метод Ханафи мазхабына таандык болсо да, классикалык методдордо негизинен тескттик метод колдонулганын көрүүгө болот.[1] Бул экинчи метод жалпы эрежелерди (каваид куллиййа) чыгаруу аркылуу философиялык ой жүгүртүүгө басым жасагандыктан бул метод көп колдонулбай келет. Бул өзүнчө чоң тема болгондуктан бул методдун жаңыча ой жүгүртүүдөгү маанилүүлүгүн айтуу менен чектелебиз. Мейли биринчи тексттик метод болсун мейли экинчи метод болсун экөө тең учурубузда дин таануучулар тарабынан колдонулбай жаткандыгы коомубуздагы маселелерге керектүү жоопторду табууда бизди түйшөлтүүдө. Анткени онбиринчи кылымдан бери жогорудагы методдорду колдонуп өкүм чыгаруу жана диндик баалуулуктарды аныктоо процесси акырындык менен токтогон. Анын ордуна саналуу классикалык бирибирин кайталаган эмгектер же ачыкталып (шарх кылынып) же кыскартылып (мухтасарлар) дин билиминдеги жаңыча ой жүгүртүүнү жана ар бир учурдун жана аймактын өзгөчөлүгүнө жараша жогоруда айтылган адамдын жашоосундагы ар бир учурга диндик негизде жооп берүүнүн ордуна классикалык эмгектерди которуу менен алектенген кысыр (котормочу) илим маданияты орноп келген. Ушунун кесепетинен азыркы учурда да белгилүү бир классикалык эмгектердин топтомун жакшы жаттап өздөштүргөн бирок коомдогу заманбап маселелер менен байланыш куруп өз оюн конкреттүү айта албаган, диндин ибадат, нике, ажырашуу жана кийим тамактануу өзүн алып жүрүү сыяктуу адептик маселелерге байланыштуу маселелерде гана классикалык көз караштарды бизге которуп ачыктап берген диний чөйрө биздин диндик көз карашыбызды калыптандырууга аракеттенүүдө. Албетте бул жоктон жогору болушу мүмкүн. Бирок бул Кыргызжериндеги мусулман коомчулугунун азыркы шарттарга ылайык өзүнүн диндик баалуулуктарын аныктап жана аларды колдонуу аркылуу өнүгүп өсүүсүнө канааттандыраарлык жооп бере албайт. Албетте классикалык китептер биз үчүн теңелгис баалуу болуп, ушуга чейин миңдеген окумуштууларды таң калтырган көз караштарды камтыган. Бирок ошол мезгилдерде ой

[1] Zekiyuddin Şaban. İslam Hukuk İlminin Esasları. Çev. İbrahim Kafi Dönmez. TDV Yayınları. – Ankara 2000. 37.

жүгүрткөн биздин дин жана илим улууларыбыз сыяктуу биз дагы ой жүгүртүп учурдагы маселелерге өкүм чыгаруунун (диндик баалуулуктарды аныктоонун) методикаларын колдонууну аң сезимибизге фундаменталдык идея катары калыптандырышыбыз керек. Ушул фундаменталдык идеянын өксүктүгү коомчулуктагы жамаатташууга жана кээ бир жамаат лидерлеринин айткандарын талдабай туруп кабыл алуу жана кул сыяктуу баш ийүүгө алып барат. Маалыматтарды эркин ала алган, эркин ой жүгүртө алган жана ой жүгүртүүнүн ыкмаларын билген адам гана идеалык кулчулуктан өзүн сактап кала алат. Ушундай өзүнө жеткилең жарандардын өсүп чыгуусун камсыз кылуу мамлекеттин бирден бир милдети болуп эсептелет.

**4. Системалуу иштөө маданиятынын түптөлүшү**

Ислам дини системалуу иштөөгө үндөйт. Анткени эч бир нерсе жөнү жок жаратылбаган жана бардык нерсе орду ордунда жаратылган. Бул системалуулук адамбаласын да системалуу ойлонуп, системалуу ойун системалуу түрдө ишке ашыруусун милдеттүү кылат. Бирок биз системалуу ой жүгүртө албагандай эле системалуу иш алып барууну да эптей албай келебиз. Организмдин системалуулугу организмди түзгөн органдардын иш жөндөмдүүлүгүнө жана ар биринин өзүнүн милдетин (системалуу бүтүндүктү камсыз кылатургандай) так аткаруусуна көз каранды. Ошондуктан диндик баалуулуктардын аныкталып биздин (бактылуу) жашообузга өбөлгө болушу үчүн аныктоо жана ишке ашыруу процесин системалуу алып баруу керек. Мындайча айтканда баалуулуктарды ишке ашыруучу (организм) уюмдарды туура түзө алышыбыз керек. Анткени туура түзүлгөн юридикалык личносттор чыныгы личносттордун бактылуу жашоосун камсыздайт.

Системалуу иш алып баруунун негизги үч фактору жөнүндө сөз кылууга болот:

1. Диний билим берүү жана динди үйрөтүү системасы
2. Диний кызмат көрсөтүү системасы
3. Диний билим берүүнү жана диний кызмат көрсөтүүнү каржылоо системасы

**1. Диний билим берүү системасы**

Жогоруда айтылгандай баалуулктарды туура аныктоо туура билим берүү аркылуу гана ишке ашат. Бул жерде диний билим берүүнүн Туркия методу же болбосо Малайзия методу деп кароо туура эмес. Диний окуу жайларды системалаштыруудагы

биринчи максат: жогоруда айтылган фундаменталдык идеяларды калыптандырууга багытталышы керек. Мындайча айтканда диний окуу жайлар Ислам динин адам баласынын жашоосунун бардык учурунда ага жол көрсөтүүчү өзгөчөлүгүгн эске алуу менен илимдин керектүү бардык түрлөрүн камтышы керек. Бул жерде светтик же диний дисциплина сыяктуу котегория да өтүмдүүлүгүн жоготот. Бардык дисциплиналар динди туура үйрөнүү жана жашообузда колдонобилүүнүн бирден бир рычагдары катары каралат. Ошол эле мезгилде динди үйрөтүү процесси бир гана диний билим берүү мекемелеринде эмес бардык билим берүү мекемелеринде динди окутуу колго алынуусу керек. Динди жактаган адам жаран дагы динди сындаган жаран дагы дин жөнүндө базалыкмаалыматка ээ болушу керек. Бул бир жагынан Диний окуу жайдын бүтүрүчүлөрү менен диний эмес окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнүн ортосундагы өз ара түшүнүүнү камсыз кылат.

Диний билим берүү мекемелери диндик баалуулуктарды аныктоодо (динди үйрөтүү терисине жамынып материалсттик жана батышчыл идеяларын таанууулоо аркылуу эмес) диндин негизги булактарына сүңгүп кирүү аркылуу камсыз кылатурган өзгөчөлүккө ээ болушу керек.

Айрыкча диний илимдердин усулдук окутууларына басым жасалышы керек. Тутулган балыкты гана сунуштабай балык тутууну үйрөтүү негизги максат. Тафсир усулу, хадис усулу, фикх усулу, калам сыяктуу сабактар милдеттүү түрдө окутулушу керек.

Диндик баалуулуктарды аныктоонун методологиясына басым жасоо идеясын калыптандыруу диний окуу жайлардын жана окуучулардын - жамааттардын, белгилүү бир адамдын же болбосо көз караштын жана ошондой эле класикалык эмгектердин таасиринде (милдеттүү түрдө) калуусуна бөгөт коёт. Методолгиялык изилдөөлөргө басым жасаган окуу жайлардын заманбап көз караштар менен прогрессивдүү идеяларды жараткан борборлорго айлануу мүмкүнчүлүгү жогору.

**2. Диний кызмат көрсөтүү системасы**

Диний кызмат көрсөтүүнүн мамлекттик бийликке расмий түрдө көз каранды болушу же болбошу көп деле маанилүү эмес. Негизгиси диний билим берүүнүн мамлекетке түздөн түз көз каранды болушу опурталдуу. Анткени диндик баалуулуктарды диндин өзүнө таянуу идеясы жабыркап калуу ыктымалы бар.

Мамлекет өзүнүн идеологиясына ыңгайлашкан диний билим берүгө ыктаганда динди үйрөтүүнүн жогорудагы үч фундаменталдык идеялардын жабыр тартуусунун негизинде диндик баалуулуктарды туура аныктоо өз жолуна түшпөсө, жыйынтыгында кайра эле коом жана мамлекет диний негиздеги проблемалар менен жүздөшө берет. Ошондуктан диний билим берүү мекемелеринин методикалык изденүүлөрүнө эркиндик берилиши керек.

Кыргызжериндеги диний кызмат көрсөтүү системасындагы негизги проблема, кызмат көрсөтүүдө системалуу иштөөнү камсыз кыла албагандыгында. Дин башкармалыгында Муфтиден тышкары аалымдар кеңешинин болушу малекеттик түзүлүшкө окшоп кеткендиктен укуктук мамлекеттин ичиндеги бир уюмдун иштөөсүнө ылайыктуу эмес. Мындай уюмдарда курултайдан тышкары дагы бир чечим чыгаруучу органга муктаждык жок. Чечимди дин башкармалыгынын башчысы өзү ала алат. Болгону кайсы тармактарда жеке демилгеси менен чечим чыгара ала тургандыгын белгилөө керек. Диний фатвалар үчүн атайын диний кеңеш курулуп алар коллегиалдуу түрдө динге байланыштуу чечимдерди кабыл ала алат. Негизги маселе дин башкармалыгындагы финансы маселесинин бир колго топтолбошунда. Финансылык чечим кабыл алууда башкармалыктын башчысы белгилүү бир суммага чейин гана укуктуу болушу керек. Белгиленген суммадан жогорку финансылык иш чараларда курултай тарабынан шаыланган атайын комиссиянын чечими талап кылынат. Ал эми башкармалыктын укуктук жактан көзөмөлдөнүүсү Кыргыз мамлекетинин тийешелүү органдары тарабынан көзөмөлдөнө

### 3. Диний билим берүүнү жана диний кызмат көрсөтүүнү каржылоо системасы

Каржылоо системасындагы негизги принцип тышкы жана мамлекет (эгер мамлекеттик уюм болбосо) тарабынан кандайдыр бир жардам болбой туруп коомчулуктун колдоосу менен финансы булактарын табуу. Анткени мамлекеттик эмес уюмдардын мамлекет тарабынан каржылануусу ал уюмдун мамлекетке көз каранды болуусуна алып келет, ал эми тышкы жардам алуусу ал уюмдун мамлекеттик коопсуздук жагынан күмөндүү абалга түртүп коёт. Финансы булактарын камсыз кылууда диний кызмат көрсөтүүнүн жана диний билим берүү системасын акы төлөө аркылу ишке ашыруу негизги болушу

керек. Мүмкүн биричи этапта кандайдыр бир колдоочу жардамдар керек болоор. Бирок система биринчиден кызмат көрсөтүүдөн, экинчиден коомчулуктун жардам көрсөтүүсүнөн финансы булактарын аныктоого багытталышы керек. Ошондо гана билим берүүнүн да диний кызмат көрсөтүүнүн да жаңы технологияары пайда болуп сапаттары жогорулайт. Диний биим берүүнүн жана диний кызмат көрсөтүүнү камсыздага бир фонд түзүлүшү мүмкүн. Бул багытта президенттин демилгеси колдоого татырлык. Бирок диний билим берүү диний кызмат көрсөтүү ситемасына башка өзүнчө уюм болушу керек. Муфтияттын дини билбим берүү мекеме ачуу укугу болушу мүмкүн. Бирок бардык диний окуу жайлдарды көзөмөлдөө укугу болбошу керек. Бул жогоруда да айтылганда диний билим берүү мекемелеринин эркин илим кылуу өзгөчөлүктөрүнө тоскоол болот.

Диний билим берүү мекемелери Билим берүү министрлиги тарабынан окуу программалры жагынан гана көзөмөлгө алынышы керек. Мен бул макаламда башка көз караштарга жана ой пикирлерге жол ачат деген үмүттө мүмкүн болушунча кеңири мааниде жазганга аракет кылдым. Бул маселелердин ар бирин конкреттүү түрдө карап чыгуу зарыл.

**Conclusion**

The Ministry of Education should control only educational programs of religious educational institutions. In this article, I have tried as much as possible to write about other points of view, thoughts and opinions and in the hope that it would be help to open another ways for ideas. It’s important to look through each of those issues in particular way.

**Колдонулган адабияттар:**

A. Saim Kılavuz. Anahatlarıyla İslam Akaidi ve Kelam'a Giriş. – İstanbul 2007.

Ahmed Hamdi Ahseki. Islam Dini, Nur Yayinlari. - Ankara 1993.

Ebu Mansur Abdulkaahir el-Bağdâdî. Mezhepler Arasındaki Farklar. Önsöz ve Notlarla Çeviren: Ethem Ruhi Fığlalı. – Ankara 1991.

Kasım Turhan. Bir Ahlak Problemi Olarak Kelam ve Felsefe Açsısından İnsan ve Fiilleri. - İstanbul, 1996.

Zekiyuddin Şaban. İslam Hukuk İlminin Esasları. Çev. İbrahim Kafi Dönmez. TDV Yayınları. – Ankara 2000.